
# Аттестациялык иш кагаздар

# * Мониторинг успеваемости по итогам аккредитации



Бекитемин директор:

К.Белеков

Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинде 2017-2018-окуу жылында мектеп ичинде апрелинде өткөрүлгөн аккредитациянын, аттестациянын жыйынтыгы менен көрсөтүлгөн кемчиликтерди жана сунуштарды аткаруунун жүрүшү боюнча түзүлгөн иш мерчеми

| № | Иштин мазмуну | Көзөмөлдөөнүн түрү | Ким жооптуу | Каралуучу жер мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Аккредитацияда билим сапаты төмөнкү көрсөткүчтү көрсөткөн математика, кыргыз тили, адабияты жана география сабактарын берген мугалимдердин иш аракеттерин көзөмөлдөө, билим сапатын жогорулатуу үчүн терендетип иш алып баруусуна талап кылуу | Административдик көзөмөлдөө | Окуу бөлүмүнүн башчысы Кенжалиева Ф | Административдик кеңешме 30.08.2018 |
| 2 | Мектеп ичиндеги ички көзөмөлдөөнүн ишин пландаштырууда класстарды жалпылап текшерүү 5-класстын окуучуларынын ортоңку баскычка ыңгайлануусунун жыйынтыгы | Административдик көзөмөлдөө | Окуу бөлүмүнүн башчысы Кенжалиева Ф | Педагогикалык кеңешме 05.11.2018 |
| 3 | 1-класстарга сабактардын өтүлүшүн көзөмөлдөө боюнча франталдык , тематикалык, персоналдык текшерүүлөрдү киргизүү, ички көзөмөлдөөнүн иш мерчемдерин өзгөртүү | Административдик көзөмөлдөө | Окуу бөлүмүнүн башчысы Кенжалиева Ф | Педагогикалык кеңешме 08.01.2018 |
| 4 | Усулдук иштин иш кагаздарына талапка ылайык ондоп түзөтүүлөрдү киргизүү, усулдук жактан кеңеш алуу | Персоналдык текшерүү | Усулдук бирикменин жетекчилери ОББ | Усулдук бирикменин жетекчилеринин жыйыны 03.09.2018 |
| 5 | Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны жайылтууда биринчиден мугалимдин иш тажрыйбасын изилдеп, жыйынтыктап андан кийин жайылтуу боюнча иш аракеттерди системалуу жүргүзүү | Персоналдык текшерүү | Усулдук бирикменин жетекчилери ОББ | Усулдук бирикменин жетекчилеринин жыйыны 17.09.2018 |
| 6 | Насаатчы мугалим менен жаш адистердин ишинин натыйжалуулугун текшерүү, жаш мугалимдердин педагогикалык чеберчилигин өркүндөтүүгө багытталган иш аракеттерди алып баруу | Персоналдык текшерүү | Усулдук бирикменин жетекчилери ОББ | Усулдук бирикменин жетекчилеринин жыйыны 03.09.2018 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7 | Олимпиадалык иш чаралардын жүрүшүн усулдук бирикменин жыйында кеңири талкуулап, иш мерчемдерин мамлекеттик стандарттарга жана программалык материалдарга байланыштырып түзүү. | Тематикалык көзөмөлдөө | Усулдук бирикменин жетекчилери ОББ | Усулдук бирикменин жетекчилеринин жыйыны 03.09.2018 |
| 8 | Предметтик мугалимдердин жөндөмдүү окуучулар менен жыл башынан баштап жыл аягына чейин жумасына эки жолу терендетип иш алып баруусун көзөмөлдөп, олимпиададан алдыңкы орундарды алуу максатында толук кандуу иш алып баруу | Тематикалык көзөмөлдөө | Усулдук бирикменин жетекчилери | Директор алдындагы кеңешме 29.10.2018 |
| 9 | Класс жетекчилердин усулдук бирикмесинин иш кагаздарын талапка ылайык оңдоп түзөтүү, ар бир класстагы уюмдун ишин жандандыруу жана активдештүрүү, класс жетекчилердин усулдук бирикмесинде тажрыйбалуу класс жетекчинин ишин класс жетекчилердин арасында жайылтуу | Персоналдык текшерүү | Класс жетекчилердин Усулдук бирикмеси | Усулдук кеңештин жыйыны. 03.09.2018 |
| 10 | Китепканада окуучуларды окууга кызыктыруу максатында айына бир жолу окуучулар менен китепканачынын сааты өткөрүлүп, жаңы келген китептердин көргөзмөсүн уюштуруу, окуучулар пайдалануу үчүн китепканадан алган окуу китептердин 1-жарым жылдыктагы абалы | Тематикалык текшерүү | Китепканаачы | Директор алдындагы кеңешме 24.12.2018 |
| 11 | Мектептин ашканасынын эмеректер менен камсыз кылуу, Ашкананын санитардык абалын жана окуучуларга тамактын берилишин анализдөө | Административдик текшерүү | Мектеп директору Уюштуруучу | Директор алдындагы кеңешме 31.01.2019 |
| 12 | Химия, физика, биология , география, астрономия , табият таануу предметтеринин өтүлүшүн көзөмөлдөө, жөндөмдүү окуучулар менен жекече иштеп олимпиададан жеңүүчүлөрдү даярдоо | Фронталдык текшерүү | Администрация Усулдук бирикменин жетекчилери | Директор алдындагы кеңешме 28.02.2019 |
| | | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 13 | Математика, информатика , технология сабактарынын берилишин текшерүү интерактивдүү ыкмаларды колдонуу, окуучуларга окутуунун техникалык каражаттарын (компютер) туура пайдаланууга көнүктүрүү | Фронталдык текшерүү | Предметтик мугалим | Директор алдындагы кеңешме 29.11.2018 |
| 14 | Математика ,информатика сабактарынан усулдук бурчтарды уюштуруп , сабакта техникалык каражаттарды пайдалануу, өз билимдерин өркүндөтүү үчүн семинар, тренингдерге катышып тажрыйба топтоп, окуучулардын билим сапаттарын көтөрүүнүн жолдорун издөө , тажрыйба топтоо | Тематикалык көзөмөлдөө | Предметтик мугалимдер Усулдук бирикменин жетекчиси | Усулдук бирикменин жетекчилеринин жыйыны 17.09.2018 |
| 15 | Кыргыз тили жана адабияты сабагынан мугалимдер өз кесибин жогорулатуу үчүн талыкпай иштөөсү жана райондогу, өрөөндөгү мугалимдерден тажрыйба топтоо курстарга баруу, тажрыйбалуу мугалимдерден кеңеш алуу | Персоналдык көзөмөлдөө | Предметтик мугалимдер Усулдук бирикменин жетекчиси | Усулдук бирикменин жетекчилеринин жыйыны 17.09.2018 |
| 16 | Кыргыз тили жана адабияты сабактарынан грамматикалык талдоону окуучуларга кеңири үйрөтүп , көркөм адабий чыгармаларды көп окутуп сөз байлыгын өстүрүү, жөндөмдүү окуучулар менен тереңдетип иштеп олимпиададан алдыңкы орундарды алуу | Тематикалык көзөмөлдөө | Администрация | Административдик кеңешме 03.12.2018 |
| 17 | Англис тили сабагынан фонетикалык көнүгүүлөрдү өткөрүп жөндөмдүүлүгү орто окуучулар менен тереңдетип иштөө | Тематикалык көзөмөлдөө | Администрация | Административдик кеңешме 15.10.2018 |
| 20 | Англис тили сабагынан окуучулардын сүйлөө кебин өстүрүү, сабакка кызыгууларын арттырып сөздүктөр менен тереңдетип иштөө, англис тили сабагынын берилишин текшерүү | Фронталдык текшерүү | Усулдук бирикменин жетекчиси ОББ | Директор алдындагы кеңешме 29.04.2019 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 21 | Англис тили сабагынан мугалим өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштеп райондогу, өрөөндөгү мугалимдер менен тыгыз байланышта болуп усулдук жардам алып , райондо өрөөндө өткөрүлгөн семинарларга, тренингдерге катышуу | Тематикалык көзөмөлдөө | Администрация | Административдик кеңешме 10.09.2018 |
| 22 | Орус тили сабагынан башталгыч класстарга предметтик мугалимдерди бекитип берүү | Персоналдык көзөмөлдөө | Администрация | Административдик кеңешме 03.09.2018 |
| 23 | Орус тили сабагынан сүйлөө кебин өстүрүп , жазуу иштерине көңүл буруп, сөздүк менен тереңдетип иштөө, орус тили, адабияты сабактарынын берилишин текшерүү | Фронталдык текшерүү | усулдук бирикменин жетекчиси ОББ | Директор алдындагы кеңешме 01.04.2019 |
| 24 | Даярдоо классынын окуучуларынын мектепке ынгайлануусу жана келерки жылы 1-класска даярдыгы | Фронталдык текшерүү | Окуу бөлүмүнүн башчысы | Директор алдындагы кеңешме 04.03.2019 |
| 25 | Дене тарбия , аскерге чейинки даярдоо сабактарынан спорттук каражаттарды жаңылоо, сабактарда техникалык каражаттарды пайдалануу | Персоналдык текшерүү | Усулдук бирикменин жетекчиси Дене тарбия мугалими | Усулдук бирикменин жетекчиси 17.09.2018 |
| 26 | Башталгыч класстардын мугалимдери окуучулар менен тереңдетип иштеп окуу көндүмдөрүн калыптандырып , компетенттүүлүккө багыттап иш мерчемдерин талапка ылайык жазып, окуучуларды сабаттуу жазууга көнүктүрүү | Тематикалык көзөмөлдөө | Усулдук бирикменин жетекчиси Предметтик мугалимдер | Усулдук кеңешменин жыйыны 18.09.2018 |
| 27 | Башталгыч класстарда жөндөмдүү, жөндөмдүүлүгү орто окуучулар менен иштөөнүн иш мерчемдерин жакшыртуу, жыйынтыктарын чыгаруу, журнал түзүү | Тематикалык көзөмөлдөө | Администрация | Административдик кеңешме 24.09.2018 |
| | | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 28 | Башталгыч класстарда окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша китепканага келген адабий окуу чыгармаларынан окутуп көркөм жана шар окууга түшүнүктөрүн айтып берүүгө көнүктүрүү, жаңы окуу китептери менен тааныштыруу | Персоналдык көзөмөлдөө | Усулдук бирикменин жетекчиси | Усулдук бирикменин жыйыны 15.10.2018 13.05.2019 |
| 29 | Башталгыч класстарда билим сапаттарын көтөрүүнүн үстүндө тереңдетип иштөө, окуучулардын сабакка болгон кызыгууларын арттыруу үчүн ата-энелер менен тыгыз байланышт а болуп, кошумча иш чараларды уюштуруу | Фронталдык көзөмөлдөө | Усулдук бирикменин жетекчиси | Усулдук бирикменин жыйыны 08.10.2018 |

Окуу бөлүмүнүн башчысы:_______________Кенжалиева Ф

**Жайыл районунун билим берүү бөлүмү**

**Билим берүү бөлүмүнүн коллегиясына маалым кат**

С. Карабеков атындагы орто мектебинде 2018 –жылдын 19 апрелден 20 апрелге чейин өткөрүлгөн аттестациянын жыйынтыктары жөнүндө — Кара-Балта ш.

Билим берүү бөлүмүнүн планынын негизинде, 2018-жылдын 17.04. № 54 буйрук менен бекитилген аттестациянын комиссиянын курамы 19 -20 апрелде С.Карабеков атындагы орто мектепте төмөнкү баскычтарды карап чыкты:

1. Окуу – тарбия процессин уюштуруу деңгээли
2. Усулдук иштердин абалы
3. Тарбия иштеринин жүрүшү жана анын эффективдилүүгү
4. Китепкананын жана ашкананын абалы
5. Предметтердин берилиши жана алардын билим сапаты

Сатынбай Карабеков атындагы орто мектебинде 16 мугалим эмгектенет, жогорку билимдүү – 13, орто кесиптүү – 2, 1 мугалим сырттан окуйт, химия, биология мугалими Кебекова А.Н. географиядан, тарых мугалими Бейшенбеков И. дене тарбия жана АЧД сабактарынан бериши жана орус тил мугалими Бектур к. Жазайым башталгыч класста иштейт, мектепте 153 окуучу билим алат. 3 чейректин жыйынтыгы боюнча 19 отличник, 24 ударник, 89 окуучу «орто» жана 1 – класстын 21 окуучусу аттестацияланбаган, билим сапаты 32,5 % түзгөн.

Текшерүү учурунда мектептин иш планы, алфавиттик китеп, окуучулардын өздүк делолору жана ички көзөмөлдүн аткарылышы каралды. Мектептин окуу-тарбия иштери пландаштырылган жана планга ылайык жүргүзүлөт. Алфавитик китепте келген, кеткен окуучулар жана 9,11- класстын бүтүрүүчүлөрү жөнүндө маалымат өз убагында аткарылып турат. 9-11 –класстын окуучуларынын өздүк делолору толук, делодо ата-энелердин паспорторунун, окуучулардын туулгандагы тууралу күбөлүктөрүнүн көчүрмөлөрү, берилген шифрлер алфавиттик китеп менен дал келет. Ички көзөмөлдүн иш планы бар, пландаштырылган айлык иш план мектептин жалпы ишинен алынган. 2017 - 18 окуу жылынын сентябрь айынан бери жүргүзүлгөн ички көзөмөлдүн маалым каттары бар, бирок планда классты жалпылап текшерүү, персоналдык жана тематикалык текшерүү ж.б.у.с. текшерүүлөр көрсөтүлгөн эмес. Ички көзөмөлдүн ишин алып баруу боюнча окуу-тарбия иштеринин башчысы Ф. Кенжалиевага кеңеш жана сунуш берилди.

Белеков К.Ш. 2009 жылы мектептин директору болуп дайындалган. Ал башчылык кылган мектепте төмөнкү иштер жазалды: мектептин эски чатыры жаңы шифер менен алмашылган, 2014 – жылы марафон өткөрүлүп 40 000 сомго 5 кызматты аткаруучу түстүү принтер алынган, мугалимдерге компьютердик технологияны өздөштүрүү максатында 2 компьютер жана принтер сатып алынган,тарых кабинети толук жабдууланган, мектептин жанында кудук каздырышып, суу чыгарылган жана ашканага суу киргизилип, аристон орнотулган. Электржабдуулар толук жаңыртылган жана класстарда электржарыгы оңдолгон. Мектептин айланасы кеңейтилип, тегереги тосулган.

**Жыйынтык: мектептин окуу- тарбия иштерин канаттаандыраарлык деп эсептелсин**

**Сунуш:**

1. Ички көзөмөлдүн ишин пландаштырууда классты жалпылап текшерүү, персоналдык жана тематикалык текшерүү ж.б.у.с. текшерүүлөр киргизилсин

**Усулдук иштердин абалы**

Мектептин усулдук ишине окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Кенжалиева Фаризат Дайырбековна жооп берип келет.

2017-2018-окуу жылында мектепте 16 мугалим эмгектенип, 153 окуучу билим алууда. Бардыгы 11 класс комплект бар.

мектептин усулдук темасы: " Компетенттүү мугалимдердин иш билгилиги окуучуларды билимге, билгичтикке жана кондумдорго ээ кылуу".

Мектепте илимий-усулдук иш жана усулдук бирикмелер боюнча жылдык иш мерчеми иштелип чыгып, максаттары, милдеттери жана багыттары аныкталган. Мерчем боюнча усулдук көйгөйлөрдү аныктоого, жаш адистерге усулдук жардам көрсөтүү, устаттардын ишин уюштуруу; тажрыйба алмашуу, заманбап усулдук иштер, үлгүлүү көрсөтмөлүү сабактар, мугалимдер арасында отурумдарды өткөрүүгө, окутуунун ыкмаларын кеңири активдештирүүгө жетишүү, жалпы класстык текшерүүлөрдү ар бир сабак боюнча уюштуруу иштери жүргүзүлгөн.
Усулдук ишти алып барууда стартттык тесттерди, жазуу иштерин алуу жана жыйынтыгын талдоо; мектептеги предметтик олимпиадаларды өткөрүү жана кийинки этап катарга даярдоо; декада же жумалыкты өткөрүү; окуу жылынын ичинде пландуу текшерүүлөрдү уюштуруу (жазуу дептерлери, текшерүү иштери жана башка);окуучулардын билим сапатынын мониторингин түзүү, талдоо, сересеп даярдоо; өз билимин өркүндөтүү жана мугалимдердин кесиптик адистигин жогорулатуу; усулдук адабияттарды талдоо жана карап чыгуу боюнча маселелери да каралган.
2017-2018окуу жылында 2 мугалим билимин жогорулатуу курсуна барып келишти. Мектепте 4 усулдук бирикме төмөнкү циклдер боюнча иштешет: "Гумманитардык", "Табигый-илимий", "Башталгыч класстар", "Класс жетекчилер". Ар бир усулдук бирикменин иш мерчеми түзүлүп, анда аткарыла турган иш-чаралар көрсөтүлгөн. Усулдук бирикмелердин отурумдары белгиленген мөөнөттө өткөрүлүп, протоколдору жазылган. Усулдук бирикменин жетекчилери усулдук кеңештин чечимдеринин аткарылышын көзөмөлгө алып туруусу, предметтик декада жана жумалыктарда аткарылган иш аракеттердин да так жана терең сересебин жүргүзүүсү зарыл. Жылдык планда аткарылган иш-чараларга саресеп жүргүзүлгөн, бирок терең талдоо жүргүзүлүп, ар бир мугалимге карата так сунуштарды көрсөтүү талап кылынат.
Көпчүлүк мугалимдер кесиптик билимге ээ жана алардын курамында эмгек нөөмөтү аз болгон педагогдор да бар. Ошол себептүү жаш мугалимдери жана жаш администрация тиешелүү кесиптик компетентүүлүккө муктаж. Мектепте ар бир мугалимдин портфолиосу бар. Мектептин мугалимдер учун усулдук кабинет түзүлгөн. Усулдук иштердин документациясы, мугалимдерге сунуштар, эстеткичтер, окуу- усулдук материалдар мектептин усулканасында топтолгон. Мектепте жаш адис болуп 2 мугалими эсептелет. Ага насаатчылар башталгыч класстын мугалими Тойгонбаева Н , Ажыканова Б.бекитилген. Насаатчылык белгиленген иш мерчемдин негизинде жүргүзүлүп, жаш адиске документация менен иштөө, календардык жана күнүмдүк сабактын планын түзүү, окутуу ыкмалары боюнча кенеш берилген. Насаатчы жаш адис менен сабактын максатына натыйжалуу жетишүүгө жана жаш мугалимдин педагогикалык чеберчилигин өркүндөтүүгө багытталган иш аракеттерди алып баруу керек.
Мектепте жөндөмдүү жана жетишпеген окуучулар менен иштөө боюнча иш мерчем ар бир мугалим тарабынан түзүлүп, анын негизинде иш алынып барылат. 2017-18-окуу жылында 20-25-ноябрда 9-11-класстар арасында 10 сабак боюнча мектеп аралык олимпиада өткөрүлгөн. Ага 28 окуучу катышып, райондук олимпиадага 10 предмет боюнча 11 окуучу катышкан. Олимпиада белгиленген иш мерчем жана график боюнча өткөрүлгөн. Анын жыйынтыгы педагогикалык кеңеште каралды. Жөндөмдүү балдар менен предметтик мугалимдер жумасына бир жолу гана сабак өтүшкөн. Бул албетте жетиштүү болбогондугуна байланыштуу ар бир мугалим жумасына эки жолу жөндөмдүү балдар менен окуу жылынын башынан баштап окуу жылынын аягына чейин иштөөсү талап кылынат жана олипиаданын тапшырмаларынын мазмуну, көлөмү усулдук бирикмеде кеңири талкууланып, мамлекеттик стандартка жана программалык материалга байланыштуу түзүлүшү шарт. Райондук олимпиадада 3-орунга 9-класстан кыргыз тили боюнча Тимур кызы Махабат ээ болгон.

Алдынкы тажрыйбаларды жайылтуу боюнча 2017-2018-окуу жылында Башталгыч класстын мугалими Исабаева Жамилянын иш тажрыйбасы жайылтылды. Анда мугалим ачык сабактарды, көргөзмөлүү класстан тышкаркы иш-чаралар өткөргөн. Мугалим иш

Диний экстремизм жана терроризмди алдын алуу боюнча жүргүзүлгөн иш чаралардын жылдык мерчеми түзүлүп, ал боюнча төмөнкүдөй иштер атарылып келген:

1. Жума намазга барган окуучулардын тизмеси;
2. Жоолук салынган окуучулардын тизмеси такталган;
3. Окуучулар жана айылдын мечитинин өкүлү менен бирдикте диндик жан экстремисстик топтун айырмасы тууралуу дилмаек өткөрүлгөн;
4. Мечитке карата болгон окуучулардын мамилеси, диний сапаттар , укуктар, салттар жөнүндө тарбиялык сааттар белгиленген;
5. Окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө карата класстык сааттар бөлүнүп берилген . Айта кетсек 1-4 класстар үчүн « Балдар-тынчтык үчүн » , 5-8 класстарга « Биз-терроризмге каршыбыз»-деген темада сүрөт көргөзмөсү менен бирдикте класстык саат, ал эми 9-11-класстар үчүн « Терроризм бул- оор кылмыш » деген темада ата-энелер, мечиттин өкүлү менен бирдикте тегерек стол өткөрүлгөн.

**Сунуш:** Диний экстремизмди жана терроризмди алдын алуу үчүн жүргүзүлгөн иш-чаралар канааттандырарлык деп белгиленсин.

**Жыйынтыгы:** тарбия иштери боюнча директордун орун басары өз ишине жооп берет.

**Сунуш:1.** Класс жетекчилердин усулдук бирикмесинин иш кагаздары талапка ылайык оңдоп түзөтүлсүн.

2. Класс жетекчилер ар бир классындагы уюмдун ишин жандандыруу жана активдештирүү керек.
3. Класс жетекчилердин усулдук бирикмесинде тажрыйбалуу класс жетекчинин иши, класс жетекчилердин арасында жайылтылсын.

**Китепкананын жана ашкананын абалы**

Китепкананын ишин, кесиби боюнча англис тили мугалими **Табылды кызы Анаркүл** кошумча жетектеп келет. Жалпы фонддо 2 805 китеп бар, анын ичинен окуу китептери- 2 250 экз., көркөм окуу жана методикалык китептери 555 экз. Китепкананын бир жылдык планы түзүлгөн жана ал план боюнча иш алып барат. Китепкананын бөлмөсү кенен, бирок ичи жарык эмес, окурмандарга олтуруп окуу үчүн шарт жок. Китепканада окуу китептери жана көркөм адабий китептер ирети менен такталарда тизилип турат. Китепкананын иш кагаздары иреттүү, үзгүлтүксүз өз убагында жүргүзүлөт. БББнөн алынган окуу китептери инвентардык китепчеге катталып, класс жетекчилер аркылуу окуучуларга берилет. Китепканачы жалпы окуучулардын китептерин айына бир жолу текшерип жыйынтыгын директор алдындагы кеңешмеде карашат.

**Жыйынтыгы**: **Табылды кызы Анаркүл** иштеген ишине жооп берет.

**Сунуш:** Айына бир жолу окуучулар менен китепканачынын сааты өткөрүлсүн жана жаңы келген китептердин көргөзмөсүн уюштурулсун.

Ашканада **Кожомбердиева Махабат Кочкорбековна** 2017-2018- окуу жылында иштеп жатат. Санитардык китепчеси талапка жооп берет. Мектепте 59 окуучу тамактанат. Мектепте типтүү ашкана жок, бир кабинетти бөлүп тамак берүүгө ылайыкташтырып койгон. Атайын ашкананын эмеректери жок. Парта жана олтургучтарды коюп коюшкан. Бул окуу жылында ашканага суу киргизип, 30л бак ысык сууга орнотушкан, окуучулардын колдорун жууганга бир кол жуугуч бар. Ашканада 12 л. бир термопод, бир духовка, бир муздаткыч, 2 плита бар.

**Жыйынтыгы**: **Кожомбердиева М. К.** иштеген ишине жооп берет.

**Мектеп жетекчилигине сунуш:** ашкананы ашкананын эмеректери менен жабдуунун жолдорун издөө.

тажрыйбасын жайылтуу боюнча усулдук кеңеште сересеп берген. Окуу тарбия иши боюнча завуч алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны жайылтууда биринчиден мугалимдин иш тажрыйбасын изилдеп, жыйынтыктап андан кийин жайылтуу боюнча иш аркеттерди системалуу жүргүзүп, аткара турган иш-чаралардын моонотүн так белгилөө керек.

**Жыйынтык: Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Бекбоева Рыскуль Бактияровна усулдук ишти алып барат, озүнүн функционалдык милдеттерин аткарат, ээлеген кызматына жооп берет.**

**Сунуштар:.**

- **Аткарыла турган иш-чаралардын моонотү так белгиленип, жооптуу жетекчини дайындап, аткарылган иш аракеттерге жана мугалимдердин ишмердүүлүгүнө терең талдоо жүргүзүлсүн.**
- **Усулдук иштин иш кагаздарына талапка ылайык оңдоп түзөтүүлөрдү киргизүү.**
- **Насаатчы жаш адис менен сабактын максатына натыйжалуу жетишүүгө жана жаш мугалимдин педагогикалык чеберчилигин өркүндөтүүгө багытталган иш аракеттерди алып баруу керек.**
- **Ар бир мугалим жумасына эки жолу жөндөмдүү балдар менен окуу жылынын башынан баштап окуу жылынын аягына чейин иштөөсү талап кылынат жана олипиаданын тапшырмаларынын мазмуну, көлөмү усулдук бирикмеде кеңири талкууланып, мамлекеттик стандартка жана программалык материалга байланыштуу түзүлүшү шарт. Райондук олимпиадада байгелүү орундарды алуу максатында толук кандуу иш алып баруу.**
- **Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны жайылтууда биринчиден мугалимдин иш тажрыйбасын изилдеп, жыйынтыктап андан кийин жайылтуу боюнча иш аркеттерди системалуу жүргүзүп, аткара турган иш-чаралардын мөөнөтүн так белгилөө керек.**

## Тарбия иштеринин жүрүшү жана анын эффективдилүүгү

Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Койчукеева Назима Илисбековна – билими жогорку, эмгек стажы 6 жыл, бул мектепте 2011-жылдан бери эмгектенет, 2013-жылдан баштап директордун тарбия иштери боюнча орун басарлыкты аткарып келет. Ар бир класска класс жетекчилер бекитилген . Мектепте тарбиялык иш- чаралар жалпы мектептин жылдык мерчеминин негизинде жүргүзүлөт. КРнын окуучуларды тарбиялоонун Концепциясын ишке ашыруу максатында тарбиялык иш чаралардын багыттары : патриоттуулукка, экологияны коргоого, коопсуздукту сактоого, маданий кызматташууга, адеп ахлактык, эмгекке тарбиялоо, окуучулардын ден-соолугун чыңдоо болуп саналат. Ошондой эле жашоонун сергек мүнөзү, укук бузуулардын алдын алуу, өзүн-өзү башкаруу уюму, ата-энелер менен иштөө иш- чаралары көрсөтүлгөн.

Мектепте “Ыр-хор”, “Баскетбол, шахмат ”, “Информатика” ийримдери иштейт. Бул ийримдерде 60 окуучу катышат. Ийримдин журналы толтурулган жана жүгүртмөсү илинген. Ар бир ийримдин жетекчисинин ийримди уюштуруу боюнча кыскача маалымдоосу бар.

Сентябрь айында “Жол коопсуздукту сакта”, “ Мектеп рэкетчилиги” деген темада жаш оспурумдор инспектору Укубаев Азаматтын катышуусу менен аңгемелешүү өткөрүшкөн. Окуучулардын күндөлүктөрдө маршруттук баракчалар тартылган, ар бир кабинетте коопсуздук эрежелер бар

“СПИД- коркунучтуу дарт”, “Наркомания, ичкилик ичүү, тамеки тартуу- өмүргө зыян”- “Сарык оорусун алдын алуу”, “Нооруз”, “Энелер куну”,ж.б.у. сыяктуу класстан тышкаркы иштер өтүлүп турат.

Диний экстремизм жана терроризмди алдын алуу үчүн жүргүзүлгөн иш -чараларды текшерүү боюнча

Мугалимдердин календардык пландары толук түзүлүп, мектеп директору тарабынан бекитилген, күнүмдүк сабакка үзгүлтүксүз план жазышат. Класстык журналдарды толтурулушу, баалардын коюлушу, журналдын абалы, тазалыгы, арткы беттеринин толтурулушу талапка толук жооп берет.

**Мырзабек кызы Айзат** - жогорку билимдүү, кесиби боюнча **математика жана информатика мугалими.** Математика мугалими болуп иштегенине 5 жыл. 6, 8, 11 чи класстарга математика сабагынан берет. Мырзабек кызы Айзат сабакта өзүн алып жүрүүсү, балдарга жасаган мамилеси жакшы.
Күнүмдүк сабакка план жазып даярданат, сабагында өтүлгөн темасын бышыктоодо окуучуларга кызыктуу суроолорду берип кайра ошол суроого өзү жооп алууга аракет жасайт, окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө көңүл бурат. Сабакка таркатма (көрсөтмө материалдар бардык окуучуларга көрүнгөндөй болуш керек) материалдарды пайдаланып, окуучуларды сабакка кызыктырууга аракет жасайт жана жаңы ыкмаларды ирети менен пайдалана билет. Мугалим "Математика сабагын өтүүдө жаңы ыкмаларды пайдалануу менен окуучуларга терең билим берүү" деген проблеманын үстүндө иштейт. Окуучулардын дептерлери текшерилип турат бирок үй тапшырмаларынын толук аткарылышына өтө көңүл бурулбайт. Мектепте табигый предметтердин усулдук бирикмесинин жетекчиси болуп иштеп келет.

Текшерүү учурунда математика сабагынан 11-классынан алынган текшерүү ишинин жыйынтыгы: 6 окуучудан "5"-0, "4"- 2, "3"- 5 жазган. Билим сапаты 33 % түздү.
**Жыйынтыгы:** мугалим өзүнүн кызматына жооп берет.

**Сунуш:** 1. өз предметинен усулдук китептерди алып пайдаланып, сабакта эсеп, маселе иштетүүгө көбүрөөк көңүл бурусун.
2. окуучуларды үй тапшырмаларын толук аткарып келүүгө көнүктүрүү, жөндөмдүү окуучулар менен жекече иштөө.

**Джунушбаева Элмира Азимкановна** – А.И. Арабаев педагогикалык институтунда 5 курсунда сырттан окуйт. Кесиби боюнча **математика мугалими**, мектепте 7, 9,10 класстарына математика сабагынан сабак берет. Пед. стажы 6 жыл. Мугалим "Математика сабагын өтүүдө окуучуларды адептүүлүккө, ынтымактуулукка, бири-бирине жардам берүүгө, сабакта математикалык терминде сүйлөөгө, логикалык ойлоосун өстүрүүгө, алган билимдерин турмушта пайдалана билүүгө үйрөтүү" деген проблеманын үстүндө иштейт. Мугалим методика жана балдардын курак психологиясын жакшы түшүнүп туура мамиле жасайт. Сабакта өзүн алып жүрүүсү, балдарга жасаган мамилеси жакшы.
Күнүмдүк сабакка план жазып даярданат, таркатма материалдарды пайдалана алат, окуучулардын математикалык формулаларды пайдаланып эсептерди чыгартууга көңүл буруп багыт бере алат. Окуучулар сабакта өз ойлорун ачык айтып активдүүлүгүн көрсөтө алышты. Мугалим окуучулардын үй тапшырмаларын дайыма чыгарып келүүсүнө өтө көңүл бурбайт.

Математика кабинети талапка ылайык жабдылган, кабинетте тематикалык стенддер илинип турат. Геометриялык фигуралар, белгилүү математиктердин чыгармачылыктарын чагылдырган буклеттер бар. Таркатма материалдарды жана тесттик иштерди көбөйтүү керек. Жашылдандыруусу жакшы, гүлдөрү көп.

Текшерүү учурунда математика сабагынан 10-классынан алынган текшерүү ишинин жыйынтыгы: 13 окуучудан "5"-0, "4"- 4, "3"- 8, "2" -1 окуучу жазган. Билим сапаты 30,7 % түздү. 9-классынан алынган текшерүү ишинин жыйынтыгы: 7 окуучудан "5"-0, "4"- 2, "3"- 4, "2" -1 окуучу жазган. Билим сапаты 28,5 % түздү. Бул үчүнчү чейректин жыйынтыгы менен дал келди.
**Жыйынтыгы:** мугалим өзүнүн кызматына жооп берет.
**Сунуш:**. 1. окуучуларды үй тапшырмаларын толук аткарып келүүгө көнүктүрүү.
2. жөндөмдүү окуучулар менен жекече иштөө, олимпиаданын жеңүүчүлөрүн даярдоо.

**Шаршенбек кызы Жылдыз-** жогорку билимдүү, 2017-жылы И. Арабаев атындагы педагогикалык университетин бүтүргөн, эмгек стажы 7 жыл, кесиби боюнча **физика мугалими.**

Мугалим "Физика сабагын өтүүдө жаңы ыкмаларды пайдаланып окуучуларды кызыктыруу менен терең билим берүү" деген проблеманын үстүндө иштоо менен бирге сабактарын азыркы заманбапка ылайык инновациялык технологияны пайдаланып өткөрөт. Интерактивдүү усулдарды колдонуу менен окуучулардын активдүүлүгүн арттырып, топ менен иштөөгө, бирин-бири угуу, сыйлоо сапаттарына ээ болууга тарбиялайт. Техникалык коопсуздук эрежеси менен окучулар таанышкан, колдору коюлган. План боюнча түзүлгөн лабораториялык иштер физикалык куралдардын жоктугуна байланыштуу теориялык негизде өтүлөт, ар бир класстын практикалык дептерлери иреттүү, баалар коюлган, практикалык иш учурунда гана колдонушат. Окуучулардын күнүмдүк дептерлери толук текшерилбейт, окуучулар үй тапшырмаларын аткарышпайт. Окуучулардын билим деңгээли: 9- классында 33 %. ("4"-2, "3"-4 жазган).

Физика кабинети эстетикалык жакшы жабдылган, таза, жарык. Кабинетте тематикалык стенддер, улуу физиктердин сүроттөрү, техникалык коопсуздук эрежеси, көрсөтмө-дидактикалык материалдар, буклеттер бар.

**Жыйынтыгы:** мугалим өз кесибине жооп берет.

**Сунуш:** 1. жөндөмдүү окуучулар менен жекече иштөө, олимпиаданын жеңүүчүлөрүн даярдоо.

2. окуучуларды үй тапшырмаларын толук аткарып келүүгө көнүктүрүү.

**Мырзабек кызы Айзат-** жогорку билимдүү, Эмгек стажы 5 жыл, 5 жылдан бери **информатика предметинен сабак берип келет**. "Информатика сабагын окутууда окуучулардын " деген проблеманын үстүндө иштейт. Информатика предмети боюнча программанын негизинде календардык планы түзүлгон, бирок толуктоо керек, күндөлүк пландары жазылган. Мугалим усулдук адабияттар менен камсыз болгон. Мугалимдин сабакка даярдануусу, сабакты өткөрүү жөндөмү, кесиптик , усулдук деңгээли жакшы. Сабактын практикалык иштери компьютерлерлер менен толук кандуу аткарылат. Окуучулар информатика сабагына кызыгышкандыктан иш чараларга слайддарды чыгармачылык менен жасашат. Практикалык иштер план боюнча өз убагында өтүлгөндүгү журналда белгиленген. Окуучулардын билим деңгээли канааттандыраарлык.

Информатика кабинетинде 8 компьютер, 3 принтер,1 проектор бар анын баары иштейт. Кабинетте тематикалык стенддер, техникалык коопсуздук эрежеси илинген

**Жыйынтыгы:** мугалим өз кесибине жооп берет.

**Сунуш:** 1. Олимпиадага даярдоо боюнча иш мерчемин иштеп чыгуу

2. Кабинетке көрсөтмө, дидактикалык материалдарды топтоо.

3. Сабакта ар түрдүү интерактивдүү ыкмаларды колдонуу жана убакытты туура бөлүштүрүү

**Койчукеева Назима Илисбековна – кыргыз тили жана адабият мугалими,** КМУУ ну 2010 аяктаган, билими жогорку, эмгек стажы- 6 жыл. Календардык, күндөлүк иш мерчемдери өз убагында жазылган, журнал менен дал келет. Кыргыз тили жана адабияты боюнча жазуу иштеринин саны талапка ылайык. Мугалим 5,7,9 класстарга сабак берет. Кыргыз тилинен көнүгүү иштөө, сүйлөмгө талдоо, адабиятынан сөз өстүрүү, көркөм окуу планга киргизилген эмес. 5-7 класстарда кыргыз тилинен өтүлгөн сабактарында мугалим интерактивдүү ыкмаларын колдонуп, көрсөтмөлүү жана сабакта топтук иштер менен иш алып барды. 5- класста кыргыз тилинен сабак-жомок, 8 класста сабак – саякат болду. Сабактын көрсөткүчтөрүн максатка ылайык жана окуучулардын таанып билүүсүн активдештирүүдө кызыктуу пайдалана алды. 7 –класста сабак "Байламталар" деген темада өттү. Окуучулар теманы жакшы өздөштүргөн, байламталар боюнча сүйлөм түзүп,сөздөрдү өз алдынча ажырата алышат.

9 – класстын билим сапаты жат жазуу аркылуу текшерилди. Билим сапаты 62% түздү, 3 чейректин жыйынтыгы 50 % берген. Жат жазууда, сүйлөмгө грамматикалык талдоо жүргүзүүдө окуучулар талдоону өздөштүрө алган эмес. Дептерлер өз убагында текшерилет, бирок грамматикалык талдоолорду текшерген эмес.

Мугалим өз предметин жакшы билет жана сабакты кызыктуу өтүүгө аракет кылат. Педагогдун чеберчилиги, стили эң жакшы.

**Жыйынтыгы**: Мугалим өз кесибине жооп берет

**Сунуш:**

1. Кыргыз тили жана адабияты канаасындагы иштелмелерди жана көрнөктөрдү кыргызча атылышта туура жазуу
2. Мугалим окуучуларга грамматикалык талдоону туура үйрөтүүсү
3. Насаатчы мугалимден тажрыйба алуусу
4. Календардык планды туура түзүү

**Койчукеева Эльнура Джаныбековна – кыргыз тили жана адабият мугалими,** К. Карасаев атындагы БГУ ну 2009 –жылы аяктаган, билими жогорку, эмгек стажы- 4,5 жыл. Мугалимдин кесиптик жана усулдук деңгээли жакшы. Гуманитардык усулдук бирикменин жетекчиси. Кыргыз тили жана адабият канаасынын усулдук бурчунда көрсөтмөлүү таркатма, буклет жана дидактикалык жаңы материалдары менен толукталган. Кабинеттин жылдык иш мерчеми жана паспорту түзүлгөн. Календардык, күнүмдүк иш мерчемдери журнал менен дал келип, календарлык пландагы жазуу иштери толук аткарылып, баалары коюлган. 6,8,10,11 – класстарга кыргыз тили жана адабиятынан сабак берет. Сабак берген класстардагы журналды жана календарлык планды текшерүүдө кыргыз тили боюнча ар бир тема жыйынтыкталгандан кийин көнүгүү иштөө, сүйлөмгө грамматикалык талдоону киргизген эмес.

8-классында кыргыз тилинен "Жөнөкөй сүйлөмдүн тыныш белгиси" жана 10 - классында кыргыз адабиятынан М. Алыбаевдин өмүрү чыгармачылыгы боюнча сабактар өтүлдү. Окуучулардын сөз байлыктары жакшы, окуучулардын сүйлөө кебине көңүл бурат.Сабак слайд көрсөтүү менен жыйынтыкталды. Окуучулар өтүлгөн теманы кабыл алды, бирок 8-класстын окуучулары кыргыз тилинен грамматикалык талдоону билишпейт. Мугалим талдоону колдонгон жок. Дептерлери текшерилген, талдоолор көрсөтүлгөн эмес. Жазуу иштери талапка ылайык келет, баалары толук коюлган.

6-клаасстын окуучулары жат жазуу жазып, билим сапаты 50 % түздү. 11- класстан тест алынды, тестин жыйынтыгы кыргыз тилинен 42% көргөзсө, адабияттан 28 % көрсөткүчтү берди.

Мугалим жоопкерчиликтүү, чеберчилк деңгээли жакшы, классты башкара билет, сүйлөө маданиятын сактайт. Өз предметин билет.

**Жыйынтыгы:** Мугалим өз кесибине жооп берет.

**Сунуш:**

1. Мугалим өз кесибин жогорулатуу үстүндө талыкпай иштөөсү
2. Окуучуларга грамматикалык талдоону үйрөөтүү
3. Тажрыйбалуу мугалимден кеңеш алуу
4. Көркөм адабий чыгармаларын көп окуусу, сөз байлыгын өстүрүү

**Табылды кызы Анаркүл – англис тил мугалими**. Кара-Балта шаарындагы Чүй университетинин филиалы, Абай колледжин бүтүргөн, эмгек стажысы 2 жыл.
Мугалим сабактын планын календардык- тематикалык планга ылайык түзөт. 5-класстын «Feelings and Emotions» темадагы сабагында мугалим көрсөтмө жана таркатма куралдарды колдонот, бирок сабакта сүйлөө жана котормо ыкмаларды гана колдогондуктан сабак кызыксыз өттү. Техникалык каражатты мугалим сабакта эффективдүү колдоно алган жок. Окуучулар англис тилиндеги сөздөрдү окууда көп ката кетиришет, б.а. окуу эрежеси аткарылбайт. 8 - класстын «Seasons» темадагы сабагында мугалим окуучуларды топко бөлүп сабак өттү. Сабакта эмоционалдык жагымдуу чөйрө түзүлгөндүктөн, балдар изденип, активдүү катышышты, бирок сабакта жакшы окуган гана окуучулар иштеп, орто окуган балдар сабакка тартылбай калды.

**Жыйынтык:** Табылды кызы Анаркүл ээлеген кызматына дал келет, бирок чет тилди үйрөтүү усулдарын начар билет.

**Сунуштар:**

1. **Ар бир сабакта фонетикалык көнүгүүлөр өткөрүлсүн**
2. **Окуучулардын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу максатында ар дайым иш алып барылсын**
3. **Техникалык каражаттарды туура колдонууну билүү**
4. **Начар окуган окуучулар менен иш алып барылсын**
5. **Мугалим өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштесин**

6. **География мугалими** Кебекова Айнура Нурдиновна

Билими –жогорку, В.В Маяковский атындагы ККПИ, педагогикалык стажы -33 жыл, дипломдогу адистиги - химия, биология мугалими

Мугалимдин көйгөйү: Интерактивдүү усулдарды колдонуу менен география сабагына окуучулардын кызыгуусун арттыруу жана экологиялык тарбия берүү.

Кебекова Айнура 6-7-8-9-10-11 класстарга географиядан сабак берет. Мугалимдин 19-апрелдеги 6- класстагы сабагына катыштым. Сабактын темасы « Адам расалары, расалардын теңдиги». Сабак өтүүдө мугалим сабактын адаттагыдай формасын тандап алган. Сабак үй тапшырманы кайталоодон башталды. Үй тапшырманы оозеки суроо-жооп ирээтинде фронталдык ыкма менен сурады, окуучулары сабакка даярданып келишкен, чынында сабакка кызыгуулары билинип, көрүнүп турду. Үй тапшырма жыйынтыкталып, жаңы теманы түшүндүрдү. Мугалим тажрыйбалуу көп жыл эмгектенген, география сабагын убактылуу алмаштырып өтүп жатканына карабай окуучуларга жеткиликтүү, орчундуу, маанилүү маалыматтарды түшүндүрүп берээрин көрдүм. Мугалим аракетчил сабак түшүндүрүп жатканда көрсөтмөлүүлүккө көп көңүл бурду. Сабагында окутуунун техникалык каражатын, сүрөттөрдү, карточкаларды, таблицаларды колдонду. Сабакты жыйынтыктап, үйгө тапшырма берди. Окуучулардын эмгегин баалады.

Мындан тышкары 9,10,11 класстардан тест алдым, журналдардын толтурулушун, өндүрүштүк жана күндөлүк мерчемдердин жазылышы менен бири- бирине дал келээрин, практикалык иштердин нормасын текшердим. Географиялык тесттердин суроосу 10 суроодон туруп, окуу программасынын негизинде чейректерде өтүлгөн темалар жана башка суроолор камтылган. Ар бир суроого 5 баллдан коюлду. 9-класс баардыгы 8- окуучу жазганы 7- окуучу болду III – чейрек боюнча билим сапаты 37% түзгөн. Жыйынтыг « 5»- 1, « 4»-3, «3»- 3.Тесттен кийин билим сапаты : 57% ды түздү. Ошондой эле 10- классынан тест алдым, тест 10- суроодон туруп, окуу программасынын негизинде чейректе өтүлгөн темалардан түзүлдү. III- чейрек боюнча билим сапаты 38 % ды түзгөн , тестке баардыгы 13, катышканы 12 окуучу.

Жыйынтык ; «5»- 4, «4»- 2, «3»- 5, «2»- 1

Тесттен кийин билим сапаты ; 50% ды түздү.11-класс баардыгы 7 окуучу, тестке 7 окуучу катышты

Жыйынтыгы; «5»-1, «4»- 2, «3»- 4.Билим сапаты III- чейректе 57% ды түзгөн, тесстен кийин 42% ды түздү

***Жыйынтык:*** Мугалим өз кесибине жооп берет.

Мугалим өз предметин билет жана окуучуларга жеткиликтүү билим бере алат. Мугалим сабак өтүүдө өзүн алып жүргөндү билет жана окуучуларга жакшы мамиле кылат. Журналдардын толтурулушу жакшы, журнал өндүрүштүк жана күндөлүк мерчемдер бири- бирине дал келет. Күндөлүк мерчемин азыркы талапка ылайык жана толук жазат. Практикалык иштер программадагы нормага ылайык келет. Сабагында окутуунун технологиялык каражатын колдонот. География жана биология кабинети биргеликте жасалган, предметке ылайык стенд, буклет, көрсөтмөлөр жасалган, тазалык жана жарык жетиштүү колго алынган. Мугалимдин педагогикалык эмгегинде көптөгөн ардак наам, сыйлыктары мол, мугалим алдына коюлган көйгөйдү чечүүнүн үстүндө толук кандуу иш алып барат.

**Тарых мугалими** Кенжалиева Фаризат Дайырбековна.
Билими: жогорку. Билим алган окуу жайы: Ишеналы Арабаев атындагы университети.Педагогикалык стажы: 16.5 жыл. Дипломдогу адистиги: Тарых мугалими.
Текшерүүдөгү багыты: тарых, адам жана коом сабагынын өтүлүшү.
Мугалимдин көйгөйү: "Окуучуларды тарых сабагына кызыгууларын арттыруу".
Кенжалиева Фаризат 5-6-7-8-9-10-11 класстарга Кыргызстан жана дүйнө тарых сабагынан берет.
Мугалимдин 19 апрелдеги 7- класстагы сабагына катыштым.
Сабактын темасы: «Германия 11-15 кылымда».
